**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**МОСКВА РАЙОНУ**
**НАРЗАН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**НАРЗАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ

**2026-ж “12” август № 24** **Беловодск айылы**

**Унаа каражаттарын “Таза Нарзан” муниципалдык ишканасынын чарба жүргүзүүсүнө берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы № 37 «Муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 16-беренесин жетекчиликке алып жана Нарзан айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарба, инвестициялар, ишкердик ишмердүүлүк жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусунун негизинде, 2026-жылы чыгарылган төмөнкү транспорт каражаттарын: HENGWANG HWL-80-6 экскаваторун, көлөмү 18 $м^3$ болгон Шумкар/CSC суу ташуучу автоцистернасын, көлөмү 25 $м^3$ болгон DONGFENG таштанды ташуучу автоунаасын, көлөмү 16 $м^3$ болгон DONGFENG ассенизатордук автоунаасын, көлөмү 18 $м^3$ болгон CHENGLIWEI таштанды ташуучу автоунаасын, Трицикл Желмаян мотороллерин, , Нарзан айылдык кеңеши токтом кылат:

**1**. Нарзан айыл өкмөтүнө 2026-жылы чыгарылган төмөнкү транспорт каражаттарын: HENGWANG HWL-80-6 экскаваторун, көлөмү 18 $м^3$ болгон Шумкар/CSC суу ташуучу автоцистернасын, көлөмү 25 $м^3$ болгон DONGFENG таштанды ташуучу автоунаасын, көлөмү 16 $м^3$ болгон DONGFENG ассенизатордук автоунаасын, көлөмү 18 $м^3$ болгон CHENGLIWEI таштанды ташуучу автоунаасын, Трицикл Желмаян мотороллерин «Таза Нарзан» муниципалдык ишканасынын чарба жүргүзүүсүнө өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

**2.** Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысына ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жүктөлсүн.

**3.** Бул токтом каттоодон өткөрүлүп, Нарзан айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

**4.** Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн.
**5.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
**6.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Нарзан айылдык кеңешинин бюджет, экономика,

муниципалдык менчик, айыл чарба, инвестициялар, ишкердик ишмердүүлүк жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын у.м.а.** **Э.У. Умутбеков**